КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ, АРХИТЕКТУРА ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО СТРОИТЕЛЬСТВА, АРХИТЕКТУРЫ И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

*2025-жыл 11-сентябры № 436* *Бишкек ш.*

**КР КЭ 41-101:2025 «Жер астындагы жана жабык автомобиль токтотуучу жайлардын багыттуу желдетүү жана түтүн чыгаруу системалары. Долбоорлоо эрежелери» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жылуулук менен камсыздоо, жылытуу, желдетүү жана абаны кондициялоо жаатындагы ченемдик-техникалык документтерин иштеп чыгуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 221 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги жөнүндө жобону (мындан ары – Курулуш министрлиги) жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам:**

1. КР КЭ 41-101:2025 «Жер астындагы жана жабык автомобиль токтотуучу жайлардын багыттуу желдетүү жана түтүн чыгаруу системалары. Долбоорлоо эрежелери» Кыргыз Республикасынын курулуш эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Басма сөз-катчы бул буйрукту Курулуш министрлигинин веб-сайтына жарыялоону камсыз кылсын.
3. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Иманакун уулу Талантбекке жүктөлсүн.

**Министр** **Н.К. Орунтаев**

АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУ
УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ, АРХИТЕКТУРА ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО СТРОИТЕЛЬСТВА, АРХИТЕКТУРЫ И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

*11 сентября 2025 год № 436* *г. Бишкек*

**Об утверждении строительных правил Кыргызской Республики СП КР 41-101:2025 «Системы струйной вентиляции и дымоудаления подземных и крытых автостоянок. Правила проектирования»**

В целях разработки нормативно-технических документов Кыргызской Республики в области теплоснабжения, отопления, вентиляции и кондиционирования воздуха, руководствуясь Положением о Министерстве строительства, архитектуры и жилищно-коммунального хозяйства Кыргызской Республики (далее – Минстрой), утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 апреля 2025 года № 221, **приказываю:**

1. Утвердить строительные правила Кыргызской Республики СП КР 41-101:2025 «Системы струйной вентиляции и дымоудаления подземных и крытых автостоянок. Правила проектирования» согласно приложению.
2. Пресс-секретарю обеспечить опубликование настоящего приказа на веб сайте Минстроя.
3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.
4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Иманакун уулу Талантбека.

**Министр** **Н.К. Орунтаев**

АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУ
УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ ПРАВИЛА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ЖЕР АСТЫНДАГЫ ЖАНА ЖАБЫК АВТОМОБИЛЬ ТОКТОТУУЧУ ЖАЙЛАРДЫН БАГЫТТУУ ЖЕЛДЕТҮҮ ЖАНА ТҮТҮН ЧЫГАРУУ СИСТЕМАЛАРЫ. ДОЛБООРЛОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

# КР КЭ 41-101:2025

# СИСТЕМЫ СТРУЙНОЙ ВЕНТИЛЯЦИИ И ДЫМОУДАЛЕНИЯ ПОДЗЕМНЫХ И КРЫТЫХ АВТОСТОЯНОК. ПРАВИЛА ПРОЕКТИРОВАНИЯ

# СП КР 41-101:2025

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ, АРХИТЕКТУРА
ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО СТРОИТЕЛЬСТВА, АРХИТЕКТУРЫ
И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2025

## Сөз башы

1 Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине (Курулуш министрлиги) караштуу Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан ИШТЕЛИП ЧЫККАН

2 Курулуш министрлигинин Архитектура, контролдоо жана техникалык ченемдөө башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 221 токтому менен бекитилген Курулуш министрлиги жөнүндө жобонун негизинде Курулуш министрлиги 2025-жылдын 11-сентябрында № 436 буйругу менен БЕКИТИЛИП, 2025-жылдын 28-сентябрынан тартып ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 БИРИНЧИ ЖОЛУ ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

*Курулуш министрлигинин уруксатысыз ушул курулуш эрежелерин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт*

© Курулуш министрлиги, 2025

Ушул курулуш эрежелеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат

# Мазмуну

1 Колдонуу чөйрөсү ..... 1
2 Ченемдик шилтемелер ..... 1
3 Терминдер, аныктамалар жана белгилер ..... 2
4 Автомобиль токтоочу жайлардын багыттуу желдетүү системасына жалпы талаптар ..... 4
5 Автомобиль токтоочу жайлардын багыттуу желдетүү системасын долбоорлоо үчүн баштапкы маалыматтарды тандоо эрежелери ..... 5
5.1 Багыттуу желдетүү системасынын схемаларын жана параметрлерин тандоо ..... 5
5.2 Негизги техникалык чечимдерди тандоо ..... 9
5.3 Багыттуу желдеткичтин типөлчөмүн тандоо ..... 13
5.4 Автомобиль токтотуучу жайдын көлөмдүк-пландык чечимдеринин негизинде тандалып алынган баштапкы маалыматтар ..... 14
5.5 Кадимки режимде багыттуу желдетүү системасын иштеп жатканда аба алмашууну эсептөө үчүн баштапкы параметрлерди тандоо ..... 15
5.6 Түтүн чыгаруу режиминде чубуртма желдетүү системасынын аба алмашуу эсептөө үчүн баштапкы параметрлерди тандоо ..... 16
6 Автомобиль токтоочу жайлардын кирме-сормо желдетүүсүн долбоорлоо эрежелери ..... 16
7 Автомобиль токтотуучу жайларды узунунан түтүнгө каршы желдетүүнү долбоорлоо эрежелери ..... 19
8 Автомобиль токтотуучу жайлардын багыттуу желдетүү системасын долбоорлоо эрежелери ..... 21
8.1 Монтаждык өлчөмдөрдүн таасирин, иштөө шарттамын жана чубуртма желдеткичтин конструкциясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен багыттуу желдеткичтин реактивдүү тарткычын эсептөө эрежелери ..... 21
8.2 Автомобиль токтотуучу жайда багыттуу желдеткичтерди жайгаштыруу эрежелери ..... 23
А Тиркемеси Октук бир багыттуу жана реверсивдүү октук багыттуу желдеткичтердин конструкцияларынын мисалы ..... 26
Б Тиркемеси Реверсивдүү борбордон четтеме багыттуу желдеткичтерди колдонуу мисалдары ..... 27
В Тиркемеси Автомобиль токтотуучу жайда багыттуу желдеткичтердин жайгашуу схемаларынын мисалдары ..... 29
Г Тиркемеси Автомобиль токтотуучу жайларда машина орундарынын параметрлерин аныктоо үчүн колдонулуучу

автомобилдердин классификациясы ............................................... 31
Д Тиркемеси Жер астындагы автомобиль токтотуучу жайды кирме-сормо желдетүүнү эсептөө мисалы ............................................................ 32
Е Тиркемеси Автомобиль токтотуучу жайларда $V_{кр}$ критикалык аба ылдамдыгын жана $V_{ех}$ түтүнгө каршы соруп чыгаруучу желдетүү системасынын желдеткичтеринин өндүрүмдүүлүгүн эсептөө ....... 34
Ж Тиркемеси Жер астындагы автомобиль токтотуучу жайдын реверсивдүү багыттуу желдетүү системасын газ-аба аралашмасын алып салуу режиминде эсептөөнүн мисалы ............................................. 36
И Тиркемеси Багыттуу желдеткичтер ортосундагы аралыктарды тандоо ............. 40

# Киришүү

Ушул КР КЭ 41-101:2020 «Жер астындагы жана жабык автомобиль токтотуучу жайлардын багыттуу желдетүү жана түтүн чыгаруу системалары. Долбоорлоо эрежелери» курулуш эрежелери «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында; Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 «Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугунун эрежелери» жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 11-июнундагы № 13-нпа буйругу менен бекитилген Курулуштагы ченемдик документтердин системасы жөнүндө жободо белгиленген талаптарды эске алуу менен даярдалган;

Бул курулуш эрежелери штаттык режимде автомобиль токтоочу жайларды эксплуатациялоодо чыккан газдардын зыяндуу аралашмаларын суюлтууну жана жок кылууну, ошондой эле авариялык кырдаалдарда түтүндү натыйжалуу чыгарууну камсыз кылуучу желдетүү системаларынын дизайнына талаптарды белгилейт.

КР КЭ 41-101:2025 биринчи жолу Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин алдындагы жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан иштелип чыкты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтердин тутуму

**ЖЕР АСТЫНДАГЫ ЖАНА ЖАБЫК АВТОМОБИЛЬ ТОКТОТУУЧУ ЖАЙЛАРДЫН БАГЫТТУУ ЖЕЛДЕТҮҮ ЖАНА ТҮТҮН ЧЫГАРУУ СИСТЕМАЛАРЫ. ДОЛБООРЛОО ЭРЕЖЕЛЕРИ**

**Системы струйной вентиляции и дымоудаления Подземных и крытых автостоянок. Правила проектирования**

Jet ventilation and smoke extraction systems for underground and covered car parks. Design guidelines

Биринчи жолу

**Киргизүү датасы – 2025.09.28**

# 1 Колдонуу чөйрөсү

Бул курулуш эрежелери жер астындагы жана жабык автомобиль токтотуучу жайлардын (мындан ары – автомобиль токтотуучу жайлар) штаттык режимде пайдаланууда чыккан газдардын зыяндуу аралашмаларын суюлтууну жана жок кылууну жана авариялык режимде түтүн чыгарууну камсыздоочу багыттуу желдетүү жана күйүү жана ашыкча жылуулук продуктуларын алып салуу (мындан ары – түтүн чыгаруу) системаларын долбоорлоого жайылтылат

# 2 Ченемдик шилтемелер

Ушул курулуш эрежелеринде төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелер келтирилген:

Кыргыз Республикасынын Өрт коопсуздугу жөнүндө мыйзамы;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-майындагы № 251 «Өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери» 1-тиркемеси;

КР КЧ 21-01:2018 Имараттардын жана курулмалардын өрт коопсуздугу;

КР КЧ 31-12:2018 Автомобиль токтотуучу жайлар;

КР КЧ 41-04:2022 Абаны жылытуу, желдетүү жана кондициялоо;

КР КЭ 21-101:2024 Имараттардын жана курулмалардын өрт автоматикасы;

МАМСТ 12.2.037-78 Эмгек коопсуздугунун стандарттарынын системасы.

Өрт техникасы. Коопсуздук талаптары;

МАМСТ 12.1.005-88* Эмгек коопсуздугунун стандарттарынын тутуму. Жумушчу чөлкөмдүн абасына жалпы санитардык-гигиеналык талаптар;

Э с к е р т ү ү – Ушул КЭ пайдаланууда шилтеме берилген документтердин аракетин текшерүү максатка ылайыктуу:

- жалпы пайдалануудагы маалыматтык системада-Кыргызстандарттын расмий сайтында, тийиштүү жылга стандартташтыруу боюнча документтердин кварталдык, жылдык каталогунда;
- «СК курулуш каталогу» тийиштүү жылга Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуудагы курулуш боюнча ченемдик документтердин индексинде.

Эгерде шилтеме документ алмаштырылса (өзгөртүлсө), анда бул ченемдерди пайдаланууда алмаштырылган (өзгөртүлгөн) документти жетекчиликке алуу сунушталат. Эгерде шилтеме документ алмаштырылбастан жокко чыгарылса, анда ага шилтеме берилген жобо ага тиешеси жок бөлүгүндө колдонулат.

## 3 Терминдер, аныктамалар жана белгилер

3.1 Бул курулуш эрежелеринде төмөнкүлөр тиешелүү аныктамалар менен колдонулат:

3.1.1 **төшөөчү (жарым чектелген) багыттама:** тосмонун бетинде өнүгүп жаткан «аба багыттамасы».

3.1.2 **шып астындагы мейкиндик:** Өрт түтүнүнүн төмөнкү чегинин болжолдуу орточо деңгээлинен жогору автомобиль токтоочу жайдагы мейкиндик.

3.1.3 **өрт түтүнүнүн төмөнкү чегинин болжолдуу орточо деңгээли:** Полдон өрт түтүнүнүн мүмкүн болгон төмөнкү чегине чейинки аралык.

3.1.4 **желдеткичтин реактивдүү түртүүсү (күчү):** Реактивдүү күч желдеткич берген абанын массалык агымынын жана анын чыгуу бөлүгүндөгү абанын орточо ылдамдыгынын көбөйтүндүсүнө барабар.

3.1.5 **багыттуу желдеткич системасы:** Керектүү аба агымын камсыз кылган ырааттуу жайгаштырылган реактивдүү желдеткичтерден (же реактивдүү желдеткичтердин раддарынан) турган желдетүү системасы.

3.1.6 **багыттуу желдеткич:** Желдеткичтин чыгуучу тешигинен чыккан багытманын энергиясын айланадагы абага өткөрүүгө негизделген иштөө принцибин ишке ашыруучу желдеткич.

3.1.7 **багыттуу желдеткич:** Шып жабууларына жайгаштырылган реактивдүү желдеткичтер аркылуу бөлмөдө узунунан аба кыймылын камсыз кылуу.

3.1.8 **автомобиль токтоочу жайдын трафигинин жыштыгы:** Бир сааттын ичинде токтоп турган автомобилдердин санынын автомобиль токтотуучу жайдагы токтотмо орундардын санына карата катышына барабар чоңдук.

3.2 Бул курулуш эрежелеринде төмөнкү белгилер колдонулат:

$B$ – автомобиль токтотуучу жайдын түтүнүн локалдаштыруу чөлкөмүнүн туурасы, түтүн газдарынын агымына перпендикулярдуу, унаа токтотуучу жайдын габариттик өлчөмүнө барабар, м;

$b$ – параллель орнотулган желдеткичтердин ортосундагы аралык, м;

$E_{co}$ – автомобиль токтоочу жайда маневр жасоодо бир транспорт каражатына көмүртек кычкылынын (СО) эмиссиясы, г;

$G_{co}$ – автотоктотмо жайындагы СО эмиссиясы, г / с;

$F$ – күч, Н;

$F_{р}$ – болжолдуу желдеткичтин реактивдүү тартуусу (монтаждоо өлчөмдөрүн эске алуу менен), Н;

$F_{Н}$ – желдеткичтин номиналдык тартылуусунун реактивдүүлүгү (заводдук тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча), Н;

$F_{r}$ – Фруд саны;

$f$ – автомобиль токтоочу жайдын трафигинин жыштыгы, 1/ч;

$k_{G}$ – автомобиль токтоочу жайдын бирдей эмес желдетүү коэффициенти;

$k_{М}$ – тосуучу конструкциялардын аба багыттамасынын төшөөдөн жоготулушуна тийгизген таасирин мүнөздөөчү монтаждык параметр;

$k_{1}$ – ылдамдык алмаштыруу коэффициенти;

$k_{2}$ – шыптын жабууларынын таасирин эске алган оңдоо коэффициенти;

$k_{3}$ – шыптын жабууларынын таасирин эске алган оңдоо коэффициенти;

$L_{n}$ – катар орнотулган желдеткичтердин ортосундагы узунунан кеткен аралык, м;

$N_{М}$ – саатына токтоп турган автомобилдердин саны;

$n_{эм}$ - электромобилдер үчүн автомобиль токтотмологу орундардын саны;

$SP$ – автомобиль токтотуучу жайдагы унаа токтотмолордун саны;

$V_{a}$ – автомобиль токтотуучу жайдагы СО концентрациясын азайтуу үчүн талап кылынган тышкы аба агымы, м$^3$/ч;

$V_{ex}$ – күйүү продуктуларын алып салуу режиминде түтүндү желдетүүнүн көлөмдүү өндүрүмдүүлүгү, м$^3$/ч;

t – температура, °С;

$U_{f}$ – өрт очогунун периметри, м;

Y – түтүндүн төмөнкү чегинин болжолдуу орточо деңгээли, м;

$v$ – ылдамдык, м/с (км/ч);

$p$ - тыгыздык, кг/м$^3$.

## 4 Автомобиль токтоочу жайлардын багыттуу желдетүү системасына жалпы талаптар

4.1 Багыттуу желдетүү системасы автомобиль токтоочу жайдын желдетүү системасынын курамында иштейт.

4.2 Автомобиль токтотуучу жайдын желдетүү системасы төмөнкүлөрдөн турат:

- желдетүүнүн кирме-сормо системасынын системасынан (мындан ары – кирме-сормо желдетүү);
- багыттуу желдетүү системасы;
- түтүнгө каршы кирме-сормо желдетүү системаларынын (мындан ары – түтүнгө каршы желдетүү).

4.3 Кадимки иш режиминде булганган абаны суюлтуу жана жок кылуу (мындан ары-аба алмашуу) үчүн таза абанын агымын камсыз кылуу үчүн автомобиль токтотуучу жайдын имаратында КР КЧ 31-12 (6.3.5-пункт) ылайык кирме-сормо желдетүүнү кароо керек.

Кирме-сормо желдетүү төмөнкү системалардан турат:

- кирме желдетүүдөн;
- сормо желдетүүдөн.

4.4 Багыттуу желдетүү системасы автомобиль токтотуучу жайда абанын узатасынан мажбурлап жылышын уюштурууну камсыз кылууга тийиш.

4.4.1 Багыттуу желдетүү системасы төмөнкүлөрдөн турат:

- СО – көмүртек кычкылы датчиктеринен;
- үн жана сигналдык кабарчылардан;
- түтүнгө каршы желдетүүнүн кирме-сормо жана кирме-сормо системаларын автоматтык режимде башкаруу.
- удаалаш жайгаштырылган багыттуу желдеткичтер (же багыттуу желдеткичтердин катарлары). Багыттуу желдеткичтер бардык автомобиль токтоочу жайларда абанын бирдей алмашуусун камсыз кылышы керек, ошондой эле конденсациянын жана көктүн пайда болушуна жол бербеши керек.

4.4.2 Багыттуу желдеткичтер автомобиль токтотуучу жайдын астындагы мейкиндикте жайгашышы керек.

4.4.3 5.2.14 ылайык авариялык түтүн чыгаруу режиминде же штаттык режимде гана иштөөнү камсыз кылуучу техникалык мүнөздөмөлөрү бар реверсивдүү жана бир тараптагы багыттуу желдеткичтерди колдонууга жол берилет.

4.5 «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана 2025-жылдын 13-майындагы № 251 КТКнын 1-тиркемесине ылайык, автомобиль токтотуучу жайдын түтүн желдетүүсү анын курамына кирген төмөнкү системалар-

дын долбоорун механикалык стимулдаштыруу менен камсыз кылынышы керек:

- түтүнгө каршы желдетүү системасы;
- түтүнгө каршы желдетүүнүн кирме системасы.

4.5.1 Түтүнгө каршы желдетүүнүн сормо системасынын желдеткичтери (реверсивдүү жана бир багыттуу) 2 саат ичинде түтүндөн чыгарылуучу 400 °С температурада авариясыз жана натыйжалуу иштөөгө эсептелиши керек.

4.5.2 Түтүнгө каршы багыттуу желдетүү системасынын желдеткичтери чыгарылуучу түтүн газдарынын көлөмүнүн ордун толтуруу үчүн КР КЧ 41-04:2022 (9.31-пункт) ылайык колдонулат.

4.5.3 Автомобиль токтотуучу жайдын түтүнгө каршы желдетүү параметрлерин аныктоо КР КЧ 41-04:2022 талаптарына ылайык аткарылышы керек.

4.5.4 Багыттуу желдетүү системасынын үзгүлтүксүз жана ишенимдүү иштешин камсыз кылган желдетүүчү жабдуулардын жайгашуусу компьютердик моделдөө ыкмасы менен аныкталат.

# 5 Автомобиль токтоочу жайлардын багыттуу желдетүү системасын долбоорлоо үчүн баштапкы маалыматтарды тандоо эрежелери

## 5.1 Багыттуу желдетүү системасынын схемаларын жана параметрлерин тандоо

5.1.1 Автомобиль токтотуучу жайлардын багыттуу желдетүү системасынын схемаларын жана параметрлерин тандоо төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

- 5.5.1 туура келген аба чөйрөсүнүн параметрлерин автомобиль токтотуучу жайдын желдетүү системасынын штаттык режиминде камсыз кылуу;
- түтүн газы жок чыгуучу жерлер аркылуу өрт учурунда адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылуу.

5.1.2 Өрт учурунда адамдарды коопсуз эвакуациялоону камсыз кылуу жана сүрүлүү очогун табуу жана жоюу үчүн шарттарды түзүү түтүнгө каршы желдетүүнүн төмөнкү иштөө схемаларын колдонуу менен ишке ашырылышы мүмкүн:

- түтүнгө каршы желдетүүнүн туурасынан кеткен схемасы: өрт учурунда багыттуу желдеткичтер өчүрүлөт, түтүнгө каршы желдетүү күйгүзүлөт, автомобиль токтотуучу жайдын ички бөлүгүндө түтүн резервуары түзүлөт, түтүндөн корголгон, бийиктиги полдон $Y = 2$ м кем эмес мейкиндик камсыздалат;
- түтүнгө каршы желдетүүнүн узунунан турган схемасы: өрт учурунда түтүнгө каршы желдетүү жана багыттуу желдеткичтердин тобу иштетилет,

автомобиль токтотуучу жайдын бардык бийиктиги боюнча түтүндөн корголгон мейкиндик камсыз кылынат.

Түтүнгө каршы желдетүүнүн узунунан схеманын мисалы 5.1-сүрөттө келтирилген. 5.1.3 түтүнгө каршы желдетүүнүн узунунан схемасы колдонулган учурда, багыттуу желдетүү системасынын бир багыттуу (5.1-сүрөт) же тескери (5.2-сүрөт) узунунан схемасы тандалат.




*1* – түтүнгө каршы желдетүүнүн кирме системасы; *2*-түтүнгө каршы желдетүүнүн сормо системасы; *3* - өчүрүлгөн багыттуу желдеткич; *4*-күйгүзүлгөн багыттуу желдеткич; *5*-түтүнсүз чөлкөмдүн чеги; *6*-өрт очогу

5.1-сүрөт – Узунунан түтүнгө каршы желдетүүдө бир тараптагы багыттуу желдетүү системасынын иштөө схемасы




а) 2-чөлкөмдөгү өрт очогу




б) 1-чөлкөмдөгү өрт очогу

*1* – түтүнгө каршы желдетүүнүн кирме системасы;
*2* – түтүнгө каршы желдетүүнүн сормо системасы.

5.2-сүрөт– Узунунан түтүнгө каршы желдетүүдө тескери багыттуу желдетүү системасынын иштөө схемасы

5.1.3.1 Реверсивдүү эмес багыттуу желдеткичтерди жана реверсивдүү эмес түтүнгө каршы желдетүү системасынын желдеткичтерин колдонгон бир багыттуу багыттуу желдетүү системасынын схемасы (А тиркемесин караңыз) кичинекей автомобиль токтоочу жайлар үчүн колдонулушу керек

$$A_{\text{ст}} < 2500 \text{ м}^2, \quad (5.1)$$

мында $A_{\text{ст}}$ – автомобиль токтотуучу жайдыыг желдетүү аянты, м$^2$.

5.1.3.2 Бир багыттуу багыттуу желдетүү системасын тандоодо өрт бөлүгүнүн астындагы аянт КР КЧ 21-01 ылайык кабыл алынышы керек. Багыттуу

желдетүү системасынын реверсивдүү схемасында өрт өчүрүүчү бөлүктүн аянтын автоматтык өрт өчүрүү системасы болгондо 10000 $м^2$ чейин жана ал жок болгондо 5000 $м^2$ чейин көбөйтүүгө жол берилет.

Э с к е р т ү ү – Тескери октук жана борбордон четтөөчү багыттуу желдеткичтерди колдонот – алардын иштеши бардык багытта бирдей.

5.1.3.3 Желдетүү агымынын ≤ 360° бурчта айлануусун камсыз кылган багыттуу желдеткичтерди колдонууга уруксат берилет (Б тиркемесин караңыз).

5.1.4 Түтүнгө каршы желдетүүнүн сормо системасынын желдеткич өндүрүмдүүлүгү түтүнгө каршы желдетүүнүн туурасынан кеткен схемасында КР КЧ 41-04:2022 (9.21-пункт) ылайык түтүн газдарынын эсептелген чыгымынын негизинде тандалат.

5.1.5 Түтүнгө каршы желдетүүнүн узунунан схемасында түтүнгө каршы желдетүү системасынын желдеткич өндүрүмдүүлүгү өрт учурунда автомобиль токтотуучу жайдын аба алмашуусун эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча тандалат (7-бөлүмдү караңыз).

5.1.6 Автомобиль токтоочу жайдын желдетүүчү системасынын кадимки иштөө режиминде аба алмашуу кирме-сормо желдетүү менен камсыз кылынышы керек. Багыттуу желдеткичтер аба кирүүчү клапандардан тартып чыгаруучу клапандарга чейин узунунан жылышын камсыз кылышы керек.

5.1.6.1 Багыттуу желдеткичтер бир эле учурда күйгүзүлгөн шартта, толук кубаттуулуктун 25% кем эмес жарым-жартылай жүктөөдө (толук кубаттуулуктун 50%) иштөөгө уруксат берилет.

5.1.6.2 Багыттуу желдетүү системасын күйгүзүү автоматтык түрдө, КР КЧ 31-12 (6.3.6-пункт) ылайык автомобиль токтотуучу жайдын имаратында орнотулган СО концентрациясын өлчөө үчүн приборлордун сигналы боюнча же кол менен жүргүзүлөт.

Кадимки режимде багыттуу желдетүү системасынын иштөө схемасынын мисалы 5.3-сүрөттө көрсөтүлгөн.:

- бардык багыттуу желдеткичтер 5.1.6.1 режиминде күйгүзүлгөн;
- кирме-сормо желдеткичтер күйгүзүлгөн.




*1* – кирме желдетүү системасы; *2* – сормо желдетүү системасы;
*3* – багыттуу желдеткич.

5.3-сүрөт – Кадимки штатта багыттуу желдетүү системасынын иштөө схемасы

## 5.2 Негизги техникалык чечимдерди тандоо

5.2.1 Багыттуу желдеткичтерди автомобиль токтотуучу жайга жолдун үстүнкү үстүндө жайгаштыруу эң максатка ылайыктуу» деп аба агымынын тосмо конструкцияларга сүрүлүүсүнөн минималдуу аэродинамикалык жоготуулардын шартына негизделет (В тиркемесин караңыз).

5.2.2 Аба агымына перпендикуляр жайгашкан шыпта чыгып турган устундар бар бөлмөгө багыттуу желдеткичти орнотууда аба агымынын сүрүлүү жоготууларын азайтуучу орнотуу эрежелерин сактоо зарыл.

5.4-сүрөттө 5.3.5 ылайык келген шыптын жабуусуна багыттуу желдеткичти орнотуу схемасы келтирилген.




*1* – багыттуу желдеткич; *2* – анкердик буроо; *3* – багыттоочу аппарат;
*4* – шып устуну; $D_{\text{В}}$ – корпустун диаметри.

5.4-сүрөт – Багыттуу желдеткичти орнотуу схемасы

Багыттуу желдеткичтин чыгуучу келте түтүгүнө аба багытмасынын шыптан 5°тан 10°ка чейинки бурчка бурган багыттоочу түзүлүш орнотулушу керек (А тиркемесин караңыз).

5.2.3 Бардык автомобиль токтоочу жайлардан булганган абанын бирдей тазаланышын камсыз кылуу үчүн, сормо жана кирме желдетүү системасынын клапандары жайгашкан жерлер бири-биринен мүмкүн болушунча алыс болушу керек.

5.2.4 Автомобиль токтотуучу жайдын ички бөлүгүндө багыттуу желдеткичтер болгон учурда кирме-сормо жана түтүнгө каршы желдетүү каналдарын колдонуу сунушталбайт.

Татаал көлөмдүк-пландоо чечимдеринде, кирме жана сормо клапандар жайгашпай калганда (5.5-сүрөт) жана түтүнгө каршы желдетүүнүн туурасынан кеткен схемасын колдонууда кирме-сормо жана түтүнгө каршы желдетүү системасынын аба өткөргүчтөрүн колдонууга жол берилет.

*а)*




*б)*




*в)*




*1* – кирме клапан; *2* – сормо клапан

5.5-сүрөт – Кирме жана сормо клапандарды жайгаштыруунун ар кандай варианттары бар автомобиль токтотуучу жайдын татаал көлөмдүк-пландоо чечимдеринин схемалары

а) жакшы жайгашкан;

б) алгылыктуу жайгашкан;

в) орунсуз жайгашкан.

Э с к е р т ү ү – Автомобиль токтотуучу жайдын конфигурациясын тандоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

- автомобиль токтотуучу жайдын тик бурчтуу конфигурациясы эң максатка ылайыктуу;
- тосуучу конструкциялардын сынган профили сунушталбайт;
- шыптын бийиктигинин төмөндөшү сунушталбайт;
- шыптын устундарынын кырлары азайтылышы керек, эң жакшы чечим - жалпак шып;
- токтоп турган автомобилдердин өзүнчө кутучаларга жайгаштыруу сунушталбайт.

5.2.5 Багыттуу желдетүү системасын колдонууда, автомобиль токтотуучу жайдын төмөнкү жана үстүңкү бөлүктөрүнөн булганган абаны өзүнчө алып салуу үчүн сормо желдетүү системасын бөлүп алуунун кажети жок.

5.2.6 Транспорттук кыймылы $f \leq 0{,}6$ 1/саат (5.4.1-пунктту караңыз) автомобиль токтоочу жайларды убакыт реле сигналы боюнча (мисалы, таңкы саат 2, түшкү саат 1 жана кечки саат 2) максималдуу транспорттук кыймылдын сааттарында багыттуу желдеткичтерди мезгил-мезгили менен күйгүзүү аркылуу желдетип турууга болот. Мында CO концентрациясынын ашып кеткендиги жөнүндө маалымат КР КЧ 31-12 (6.3.6-пункт) ылайык жайгашкан сигналдык приборлордун жардамы менен кызматкерлердин күнү-түнү нөөмөтү менен бөлмөдө кол менен баштоону камсыз кылуу максатында (зарыл болгон учурда) көрсөтүлүүгө тийиш. КР КЧ 31-12 ылайык (5.1.8-пункт) кызматкерлердин күнү-түнү нөөмөтү бар (диспетчердик) имаратты автомобиль токтотуучу жайдын имаратына таратууга жол берилет.

5.2.7 Түтүнгө каршы желдетүүнү башкаруу автоматтык түрдө же

КР КЧ 31-12 (6.3.12-пункт) ылайык кол менен иштөө баскычынан же механикалык түзүлүштөрдөн болушу керек.

Түтүнгө каршы желдетүүнүн узунунан кеткен схемасында төмөнкү багыттуу желдеткичтердин тобун киргизүүнү караштыруу зарыл (5.1-сүрөттү караңыз):

- өрт чыккан аймакта (өрт сигнализациясынын датчиктери иштеген зонада);
- өрт очогу менен түтүнгө каршы желдетүү системасынын клапандарынын ортосунда түтүн агымын түзүүчү;
- автомобиль токтотуучу жайдан эвакуациялык чыгууларды коргоочу.

5.2.8 Өрт болгон учурда 5.2.7 ылайык топко кирбеген багыттуу желдеткичтер өчүрүлүшү керек (5.1-сүрөттү караңыз). Түтүнгө каршы желдетүү күйгүзүлүшү керек.

5.2.9 5.1.3.2-пунктуна ылайык багыттуу желдетүү системасынын реверсивдүү схемасы багыттуу желдеткичтерди өрттүн булагы болгон зонага карай иштетүү багытын тандоону карайт (5.2-сүрөттү караңыз). МАМСТ 12.2.037 (7.2.1-пункт) ылайык өрт зонасын идентификациялоо автоматтык зонанын өрт сигнализациясынын сигналы боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

5.2.10 Өрттүн очогунан (бардык мүмкүн болгон өрт очокторунан) 10 м аралыкта пайда болгон аба агымына карама-каршы багытта түтүндүн жайылышынын чектелишин камсыз кылуу үчүн багыттуу желдеткичтердин жайгашуусу жана типтүү өлчөмү 8-бөлүмдө белгиленген талаптарга жооп бериши керек.

5.2.11 Түтүнгө каршы желдетүү системасынын параметрлерин тандоо багыттуу желдетүү системасынын кабыл алынган схемасына жараша жүргүзүлүшү керек:

- багыттуу желдетүү системасынын реверсивдүү схемасында 7.1 жана 7.2 ылайык кабыл алынган автомобиль токтотуучу жайдын төмөнкү бөлүгүндө абанын агымынын орточо ылдамдыгы 7 м/саат ашпаган учурда, балансты камсыз кылган агымы менен сырткы абаны полдон 2 м ден көп эмес деңгээлде берүүгө жол берилет;
- багыттуу желдетүү системасынын бир багыттуу схемасында эскертүүдө сүрөттөлгөн талаптарды сактоо менен тышкы абаны берүүгө жол берилет.

Э с к е р т у ү – Четтетилүүчү күйүү продуктуларынын көлөмүн корголуучу жайлардын төмөнкү бөлүктөрүнө кайтаруу үчүн тышкы абанын чачыранды түрдө берилишин караштыруу зарыл: балансты камсыз кылуучу чыгым менен корголуучу жайдын полунун деңгээлинен 1,2 метрден жогору эмес деңгээлде жана агымынын ылдамдыгы 1,0 м/сек ашпаган деңгээлде.

5.2.12 Өрт чыккан учурда автомобиль токтотуучу жайда турган адамдарды эвакуациялоо үчүн багыттуу желдеткичтерди иштетүүнү кечеңдетүү максатка ылайыктуу. Эсептөө же сандык – компьютердик моделдөөнүн натыйжалары менен ырасталган өзгөчө учурларда эвакуациянын башталышы менен бирге багыттуу

желдетүү системасын иштетүүгө жол берилет.

5.2.13 Өрт учурунда күйгүзүлгөн багыттуу желдеткичтер 100% кубаттуулукта жана максималдуу аба агымында иштеши керек. Электр кыймылдаткычтарын коргоо автоматтык түрдө өчүрүлөт – багыттуу желдеткич жылуулук же механикалык бузулганга чейин иштеши керек.

5.2.14 Узунунан түтүн желдетүүчү системаларда колдонулган багыттуу желдеткичтер 400 °C температурада 2 сааттан кем эмес иштеши керек.

5.2.15 Багыттуу желдетүү системасынын иштешин 8.2.8 ылайык резервдөө аркылуу багыттуу желдеткичтердин биринин авариялык бузулушу менен камсыз кылуу керек.

## 5.3 Багыттуу желдеткичтин типөлчөмүн тандоо

5.3.1 Шыбынын бийиктиги 3 метрден ашпаган жер астындагы жана жабык автомобиль токтоочу жайларда колдонулуучу багыттуу желдеткичтер 100 Н ашык эмес номиналдык $F_{\text{Н}}$ багыттуу кыймылга ээ болушу керек.

5.3.2 Багыттуу желдеткичинин типтүү өлчөмүн тандоо монтаждоо өлчөмдөрүн эске алуу менен жүргүзүлөт:

$H$ – шып жабуусунун бийиктиги, мм;

$H_{\text{м}}$ – жабдуулар жана автомобилдер үчүн бийиктик, мм;

$p$ – устундун туурасы, мм;

$m$ – устундун бийиктиги, мм;

$Z$ – багыттуу желдеткичтин огу менен шыптын жабуусунун ортосундагы аралык, мм;

$D_{\text{В}}$ – багыттуу желдеткичтин диаметри, мм;

$L_{\text{п.б}}$ – устундардын ортосундагы аралыктын узундугу, мм;

$L_{\text{с}}$ – багыттуу желдеткичтин эки чорголуу тегиздигинен устунга чейинки аралык (багыттуу), мм.

Шып жабуусунда багыттуу желдеткичтин жайгашуу схемасы 5.6-сүрөттө келтирилген.




*1* – багыттуу желдеткич; *2* – устун менен шып жабуусу

5.6-сүрөт – Шып жабуусунда багыттуу желдеткичтин жайгашуу схемасы

5.3.3 Г тиркемесине ылайык тандалып алынган автотранспорттун максималдуу бийиктиги $H_а$ негизинде $Z$ жана $H_М$ минималдуу мааниси КР КЧ 31-12 (5.1.20-пункт). ылайык транспорт каражатынын чатыры менен реактивдүү желдеткичтин ортосундагы 200 мм кем эмес боштукту камсыз кылуу менен аныкталышы керек (5.6-сүрөттү караңыз) Z параметри максималдуу мүнөздөмөлөрү менен багыттуу желдеткичтин өлчөмүн тандоого мүмкүндүк берет.

5.3.4 Z жана А маанилери бар багыттуу желдеткичтердин өлчөмү төмөнкү шартка жооп бериши керек:

$$m \leq Z \leq H - (H_а + D_В/2 + 200). \qquad (5.2)$$

5.3.5 Эгерде тандалган маани $Z \leq m + D_В/2$ болсо, $L_с > 4\,D_В$ шартын камсыз кылуу керек.

## 5.4 Автомобиль токтотуучу жайдын көлөмдүк-пландык чечимдеринин негизинде тандалып алынган баштапкы маалыматтар

5.4.1 Багыттуу желдетүү системасын долбоорлоо төмөнкүлөрдү камтыган автомобиль токтотуучу жайдын көлөмдүк-пландык чечимдеринен алынган баштапкы маалыматтардын негизинде аткарылышы керек:

- автомобиль токтоочу жайдын жалпы кабат планы;
- автомобиль токтотмолордун жайгашуу схемасы жана транспорт кыймылынын маршруттары;
- рампалардын, пандустардын, терезе көздөрүнүн, лифт шахталарынын, пилондордун жайгашуусу;
- авариялык чыгуулардын жайгашкан жери;
- токтоочу орундардын долбоордук саны *SP*, даана;

- электромобилдер үчүн токтоочу орундардын долбоордук саны $n_{эм}$, даана;

- максималдуу трафик жыштыгы f 1/саат, төмөнкү формула боюнча эсептелген

$$f = \frac{N_M}{SP} \quad (5.3)$$

мында $N_М$ - 1 саат ичинде токтоп турган автомобилдердин саны, даана;

- автомобиль токтотуучу жайдагы жолдун толук узундугу:

$S_{по}$ – автомобиль токтотуучу жайдагы жолдун толук узундугу, м;

$S_{рамп}$ – рампанын жабык бөлүгү аркылуу айдоо узундугу, м.

5.4.2 Транспорттук трафиктин жыштыгы техникалык тапшырманын же объектинин сурамжылоосунун негизинде тандалат. Маалыматтар жок болгон учурда орточо маанилер алынат:

$f$ = 0,6 1/ч – турак жай имараттарынын автомобиль токтотуучу жайлары үчүн;

$f$ = 0,8 баштап 1,5 1/саат чейин – соода жана бизнес борборлорунун жана кыймылы көп башка объекттердин автомобиль токтотуучу жайлары үчүн маалыматтар жок болгон учурда f = 1,0 1/саат колдонулат.

5.4.3 Багыттуу желдетүү системасын долбоорлоодо өрткө каршы спринклер системасынын болушу жана жайгашуу планы зарыл.

5.4.4 Автомобиль токтотуучу жайдын кабат планынын маалыматы боюнча автомобиль токтотуучу жайдын желдетилүүчү аянты аныкталат $A_{ст}$.

## 5.5 Кадимки режимде багыттуу желдетүү системасын иштеп жатканда аба алмашууну эсептөө үчүн баштапкы параметрлерди тандоо

5.5.1 Багыттуу желдетүү системасы менен жабдылган автомобиль токтотуучу жайларда аба алмашуу МАМСТ 12.1.005 (2-тиркеме) боюнча СОч жол берилген МКТ талаптарына жооп бериши керек. МКТ СО автомобиль токтотуучу жайда 70 мг/м$^3$ тандоо сунушталат, ал МАМСТ 12.1.005 каршы келбейт (2-тиркеме).

5.5.2 5.5.1 боюнча так маалымат жок болгон учурда аба алмашууну эсептөө абанын орточо салыштырма чыгымы боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:

- 6 м$^3$/м$^2$ ч – кыймылдын жыштыгы f ≤ 0,6 1/саат аз кыймылдуу автомобиль токтоочу жайлар үчүн (турак жайлардын жер астындагы жана жабык автомобиль токтоочу жайлары);

- 12 м$^3$/м$^2$ ч – f = 1,0 1/саат кыймылы көп болгон автомобиль токтотуучу жайлар үчүн (соода жана бизнес борборлорунун жер астындагы жана жабык автомобиль токтоочу жайлары);

- 16 м$^3$/м$^2$ ч – 1,0 1/саат 1,5 1 /саат өтө көп автомобиль токтоочу жайлар үчүн (чоң соода борборлорунун, аэропорттордун жана вокзалдардын жер астындагы жана жабык автомобиль токтотуучу жайлары).

## 5.6 Түтүн чыгаруу режиминде багыттуу желдетүү системасынын аба алмашуу эсептөө үчүн баштапкы параметрлерди тандоо

5.6.1 Авариялык режимдеги аба алмашуу түтүнгө каршы желдетүү системасынын желдеткичтеринин иштеши боюнча эсептелет.

5.6.2 Өрт учурунда авариялык режимде аба алмашууну эсептөө үчүн зарыл болгон параметрлер:

- күйүү очогунун долбоордук жылуулук кубаттуулугу $Q_п$, МВт;
- соруп киргизүү абасынын температурасы $t_о$, °С;
- газ-аба аралашмасынын агып кирүүчү тарапка агып киргендеги төмөнкү чек арасынын деңгээли Y = 2 м кем эмес – реверсивдүү багыттуу желдетүү системасы менен, бир багыттуу багыттуу желдетүү системасы менен Y = 1,2 м;
- өрт очогунун периметри, м.

5.6.3 Күйүү булагынын жылуулук кубаттуулугунун маанисин тандоо $Q_п$ 5.1-таблицада келтирилген маалыматтарды эске алуу менен жүргүзүлөт, же техникалык шарттарда көрсөтүлөт.

5.1-таблица – Автомобиль токтотуучу жайдагы өрттүн долбоордук параметрлерин тандоо

| Күйүү очогунун параметри | Автоматтык өрт өчүрүү системасы | |
|---|---|---|
| | Бар | Жок |
| Күйүү очогунун габарити, м | 2 х 5 | 5 х 5 |
| $U_f$,м | 14 | 20 |
| $Q_п$, МВт | 4.5 – 5 (1 автомобиль) (1 электромобиль) * | 9 – 10 (2 автомобиль) (2 электромобиль) * |
| * $Q_п$ мааниси электромобилдин өрттөнүшүндө табигый сыноолордун жыйынтыгы боюнча такталат. | | |

## 6 Автомобиль токтоочу жайлардын кирме-сормо желдетүүсүн долбоорлоо эрежелери

6.1 Жер астындагы жана жабык автомобиль токтоочу жайларда аба алмашууну эсептөө 5.5-пункттун баштапкы маалыматтарына ылайык, кыймылдап жаткан (токтотулган) транспорт каражаттарынан чыккан газдардан пайда болгон СО курамынын деңгээлинин негизинде жүргүзүлөт.

6.2 Автомобиль токтотуучу жайда жүргөн орточо жол $S_{ср.по}$ формуласы аркылуу эсептелет

$$S_{ср.по} = \frac{s_{по}}{2} + s_{рaМп} + 10 \quad (6.1)$$

мында $S_{по}$ – автомобиль токтотуучу жайдан өтүүнүн толук узундугу, м;

$S_{рамп}$ – рампанын жабык бөлүгүн бойлой өтүү узундугу, м

6.3 Жылытылган (ысык) кыймылдаткыч менен токтотулган автомобилдердин СО эмиссиясынын орточо мааниси $E_{со\ гор}$, г, төмөнкү формула боюнча эсептелет

$$E_{со\ гор} = 0{,}008S_{ср.по}. \quad (6.2)$$

6.4 Жылытылбаган (муздак) кыймылдаткыч менен автомобиль токтотуучу жайдан чыгып жаткан автомобилдердин СО эмиссиясынын орточо мааниси $E_{со\ хол}$, г, төмөнкү формулалар боюнча эсептелет:

$$E_{со\ хол} = 7{,}6, \quad (6.3)$$

мында $S_{ср.по} \leq 50$ м;

$$E_{со\ хол} = 0{,}89(S_{ср.по})^{0{,}49}, \quad (6.4)$$

мында $50 \leq S_{ср.по} \leq 800$ м.

$G_{со}$, г/ч автомобиль токтотуучу жайда СО (г/ч) эмиссиясынын орточо мааниси төмөнкү формула боюнча эсептелет

$$G_{CO} = (SP - n_{эм})fE_{CO}\ , \quad (6.5)$$

мында $E_{со}$ – (6.2) – (6.4) формулаларына ылайык.

Э с к е р т ү ү – $n_{эм}$ = электр мобилдердин саны аныкталбаган же так маалымат жок болгон учурда 0.

6.5 Турак жай имараттарынын автомобиль токтотмолору үчүн СО эмиссиясын эсептөөдө кыймылдаткычтар эртең менен муздак ишке киргизилгенде максималдуу эмиссия жөнүндө жоромол кабыл алынат (транспорт агымынын ишкердик борборго эртең мененки кыймылы):

$$E_{со} = E_{со\ хол}. \quad (6.6)$$

6.6 Жогорку келүүчүлүк менен автомобиль токтотмолор үчүн СО эмиссиясын эсептөөдө бардык автомобиль токтотмо орундарынын ээленишине жол берилет, бошогон жер дароо ээленет. Бул учурда төмөнкү формула боюнча ысык жана муздак кыймылдаткычтардан суммардык эмиссияны эске алуу зарыл

$$E_{со} = E_{со\ хол} + E_{со\ гор}. \qquad (6.7)$$

6.7 $V_а$, м$^3$/ч автомобиль токтотуучу жайда СО концентрациясын төмөндөтүү үчүн талап кылынуучу аба алмашуу төмөнкү формула боюнча эсептелет

$$V_a = \frac{1000\ G_{CO}}{(CO_{об} - CO_{об\ пр.возд})} \cdot k_G, \qquad (6.8)$$

мында $CO_{об}$ – СО максималдуу жол берилген концентрация, 70 мг/м$^3$ барабар (5.5.1 боюнча);

$CO_{об\ пр.возд}$ – автомобиль токтотуучу жайдын сыртында агып кирме абада СО көлөмдүү концентрация мааниси, мг/м$^3$.

Э с к е р т ү ү – Транспорттун кыймылы аз болгон турак жай райондорунда бул маани абдан аз жана адатта нөлгө барабар кабыл алынат; өтө жүктөлгөн жолдордо $CO_{об\ пр.возд}$ = 4 мг/м$^3$;

$k_G$ – автомобиль токтотуучу жайдын бирдей эмес желдетилишин эске алуучу коэффициент.

Э с к е р т ү ү – Адатта 1,25тен 1,50гө чейинки диапазондо турат, эгерде маалыматтар жок болсо – 1,25 мааниси кабыл алынат.

Автомобиль токтотуучу жайды кирме-сормо желдетүүнү эсептөөнүн мисалы Д тиркемесинде келтирилген.

Кабыл алынган $V_а$ эсептик мааниси КР КЧ 41-04 талаптарына ылайык автомобиль токтотуучу жайда аба алмашууну камсыздоого тийиш (7.3.16-пункт), тактап айтканда:

- 6 м ашык жана аз бийиктиктеги жайларда 1 с бир жолку аба алмашуудан кем эмес;
- 6 м ашык бийиктиктеги жайларда 1 чарчы метрге 6 м$^3$/с кем эмес.

6.8 Аба алмашууну эсептөөнү автомобиль токтотуучу жайда жайгашкан дүрмөттөгүч түзүлүштөрдүн литий-иондук (литий) аккумуляторлор менен жабдылган электр мобилдер үчүн гана таасирин эсепке албастан аткарууга жол берилет.

Э с к е р т ү ү л ө р:

1. Литий-иондук аккумуляторлор эксплуатациялоо процессинде коркунучтуу жана уулуу заттарды бөлүп чыгарбайт жана дүрмөттөөдө өрт коркунучтуу кырдаалдарды жаратпайт.

2. Коргошун-кислоталуу аккумуляторлорду автомобиль токтотуучу жайдын сыртында жайгашкан атайын жайларда гана дүрмөттөөгө жол берилет.

# 7 Автомобиль токтотуучу жайларды узунунан түтүнгө каршы желдетүүнү долбоорлоо эрежелери

7.1 Өрт чыккан учурда багыттуу жана түтүнгө каршы желдетүү системалары 7.1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй аба агымынын жана түтүн газдарынын эвакуациялык чыгуулардан өрткө каршы нормалдуу жабык клапандарга узунунан жылышын камсыздоого тийиш. Түтүн газынын агымын түзүү механизми эки бир багыттуу ар түрдүү тыгыздыктагы агымдардын пайда болушун болжолдойт:

- багыттуу желдеткичтердин иштөөсү менен шартталган ысык өрт газдарынын шып алдындагы агымы;
- $Y$ бийиктикте агымдардын бөлүгүнүн линиясы чектелген автомобиль токтотуучу жайдын төмөнкү бөлүгүндө $v_1$, м/с, орто ылдамдык менен кирме түтүнгө каршы желдетүү системасынын желдеткичтеринен муздак абанын агымы.




1 – соруп чыгаруу; 2 – абанын ар кандай тыгыздыктагы агымдарынын бөлүгүнүн шарттуу чеги; 3 – агып кирме; 4 – түтүндүн эсептик чеги

7.1-сүрөт – Түтүндүн чыгышынан эвакуациялык чыгууларды коргоону камсыздоочу абанын жана түтүн газдардын ар кандай тыгыздыктагы агымдарын өнүктүрүү механизми

7.2 5.2.10 боюнча шартты аткаруу үчүн төмөнкү шарт камсыздалышы керек:

$$v_1 \geq V_{кр}, \qquad (7.1)$$

мында $V_{кр}$ – формула боюнча эсептелүүчү $v_1$ аба ылдамдыгынын минималдуу жол берилген мааниси, м/с

$$V_{кр} = \sqrt[3]{-\frac{M}{2} + \sqrt[2]{\frac{M^2}{4} + \frac{L^3}{27}}} + \sqrt[3]{-\frac{M}{2} - \sqrt[2]{\frac{M^2}{4} + \frac{L^3}{27}}} - \frac{D}{3}, \qquad (7.2)$$

мында

$$L = -\frac{D^2}{3};\qquad(7.3)$$

$$M = D(\frac{2D^2}{27} - A);\qquad(7.4)$$

$$D = \frac{Q_K}{(t_0+273)\text{р}_B\text{С}_p\,BY};\qquad(7.5)$$

$$A = \frac{9{,}8Y}{Fr};\qquad(7.6)$$

$t_0$ – кирме абанын температурасы, °С;

$p_в$ – $t_0$ температурасында абанын тыгыздыгы, кг/м$^3$;

$C_р$ – абанын салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу, кДж/(кг·К); 1,005 кДж/(кг·К) барабар кабыл алынат;

В – автомобиль токтотуучу жайдын түтөшүн локалдаштыруу чөлкөмүнүн туурасы, м; автомобиль токтотуучу жайдын түтүндүү газдардын агымына перпендикулярдуу тыш өлчөмдүк өлчөмүнө барабар кабыл алынышы мүмкүн (5.1-таблицаны караңыз);

$Y$ – 5.6.2 боюнча (7.1-таблицаны караңыз);

$Q_К$ – төмөнкү формула боюнча эсептелүүчү өрттүн конвективдүү кубаттуулугу, кВт

$$Q_К — (1 - φ)Q_п,\qquad(7.7)$$

бул жерде (φ – нурлануунун жана жылуулук өткөргүчтүктүн эсебинен күйүү очогу берген жылуулуктун үлүшү; маалыматтар жок болгон учурда 0,4 барабар кабыл алынат);

$Q_п$ – 5.6.3 караңыз;

$Fr$ – Фруд саны, төмөнкүгө барабар:

- $Fr \le 4{,}5$ - мында $Q_п$ = 9 – 10 МВт (5.1-таблицаны караңыз);
- $4{,}5 \le Fr \le 6{,}0$ – мында $Q_п$ = 4,5 МВт;
- башка учурларда жана так маалыматтар жок болгон учурда $Fr$ = 4,5.

$Q_к$ өртүнүн ар кандай конвективдүү кубаттуулугунда, В автомобиль токтотуучу жайдын тыш өлчөмдүк өлчөмдөрүнө $V_{кр}$ критикалык ылдамдыгынын маанисинин көз карандылыгы $Fr$ санынын эки чектик маанисинде Е тиркемесинин Е.1-Е.4 сүрөттөрүндө келтирилген.

7.3 Түтүнгө каршы желдетүүнүн соруп чыгаруучу системасынын желдеткичинин алдында күйүү очогунун артындагы $t_m$ газ-аба аралашмасынын температурасы 400°С ашпоого тийиш. $t_m$ °С газ-аба аралашмасынын температурасы төмөнкү формула боюнча эсептелет

$$t_{\text{m}} = (t^0 + 273) \times \left(1 + \frac{D}{V\text{кр}}\right) - 273\qquad(7.8)$$

